**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2021-2022- окуу жылынын усулдук кеңештин анализи**

**Усулдук иштерди анализдөөнүн негизги максаты:**
**жыл ичинде пландаштырылган иштердин аткарылышын жана ишмердүүлүктүн жыйынтыгында пайда болгон оң жана терс жактарды аныктоо**

Мектептин аталышы: Нурлан Рахманов атындагы орто мектеби

Мектептин дареги: Чүй областы, Сокулук району, Чоң-Жар айылы

Мектептин директору: Мамырканова Гүлнура Кеңешбековна

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:
Намазбекова Айгүл Бейшебаевна

Мектеп имаратынын проектидеги сыйымдуулугу 180 окуучу.
Мектептин тиби: орто мектеп
Класстардын саны: 11
Окуучулардын саны: 239
Жетишүүнүн деңгээли: 41%

Мектептин максаты: "Окуучуларды инсанга багыттап окутуп тарбиялоо".

2021-2022- окуу жылына карата аталган мектеп Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 1-11 класстары үчүн Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлиги тарабынан 5-июль 2011-жылы №492/1 буйругунун негизинде эксперименталдык окуу планы менен билим берүү жүргүзүштү.

Мектептин миссиясы:

Н.Рахманов атындагы орто билим берүү мектеби өз региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат. Мектеп ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта окутууну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт, инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Мектептин 2021-2022- окуу жылына карата окуу тарбия иштеринин алдына коюлган максаты: "Окуучуларды инсанга багыттап окутуп-тарбиялоо".

Милдеттери:

1)Окуучулардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп үйрөнүү менен окутуп тарбиялоону оптималдаштыруу;
2) Билим берүүдө сабактын технологияларын туура тандоо;
3) Билим берүүнүн усулдарын жана жолдорун мурдагы салттарга таянуу менен улам жаңылоо;

4)Мугалим менен окуучунун өз ара байланышынын жаңы тибин калыптандыруу, инсанда чыгармачыл башталышты пайда кылуу;

5)Сабактын жаңы структураларын изилдөө жана окутуу жолдорунун башка формаларын инсанды окутуп, тарбиялоого моделдештирүү;

6) Материалдык-техникалык базаны чыңдоо;

7) Тарбиялоодо демократияны жана гуманизацияны турмушка ашыруу, окуучуга гуманизациялык тарбия берүү, аны адамгерчиликке, боорукердикке, маданияттуулукка, ак ниеттүүлүккө тарбиялоо;

8)Билимдүүлүгү, инсандык касиеттүүлүгү жетилген, коомго пайдалуу чыгармачыл адамды тарбиялап чыгаруу;

9) Ата-энелер менен бирдикте иш алып баруу.

Мектепте үч методикалык бирикме иш алып барат. Алар: математикалык багыттагы, табигый илимдер, дене тарбия жана көркөм-эстетикалык бирикме. Бул бирикмеде алты мугалим эмгектенет.
Экинчи усулдук бирикме гуманитардык багыттагы усулдук бирикме. Бул бирикмеде да алты мугалим эмгектенет.
Кийинки усулдук бирикме башталгыч класстардын усулдук бирикмеси. Мында төрт мугалим эмгектенет.

Ар бир усулдук бирикменин кеңешмеде жылдык, айлык пландары талкууланып, бекитилген. Усулдук бирикменин жетекчилери да бекитилген. Ар бир усулдук бирикменин усулдук кеңешмеси өз убагында өткөрүлүп турду. Ошондой эле айлык декадалар да өз убагында өткөрүлдү.

Сентябрь айындагы тил майрамы мектепте ар бир окуучунун эсинде калгандай таасир менен өткөрүлдү. Кыргыз тили мугалимдери Джаманкулова С.А., Эшимбекова А.К.нын жетекчилиги менен ар бир класстагы таланттуу окуучуларды катыштыруу менен Манас айтуу, макал-лакап айтуу, жаңылмачтарды айтуу менен майрам жакшы деңгээлде өткөрүлдү. Ошондой эле бул майрам үчүн ар бир класс кыргыз тилин даңазалаган стен газеталарды чыгарышты.

Ноябрь айындагы декадада биология мугалими Насымбекова А.Н. “Жашыл планета”, “Биз жана жаратылыш” ж.б. стенгазеталарды чыгарып, декада ийгиликтүү өткөрүлдү.
Тарых мугалими Шүкүрбаева А.Н. окуучуларга “Хронологиялык таблица”, “Цифралар сүйлөйт”, “Тарых баяндайт” аттуу стенгазеталарды чыгаруу менен “Биздин баатырлар” аттуу ачык сабагы жакшы днгээлде өттү. Ошону менен бирге 5-9-класстардын арасында тарых сабагынан “Эмне? Кайда? Качан?” деген темада викторинасы да абдан кызыктуу өттү.

Жарым жыл ичинде усулдук бирикмелер кеңешмелерин өз убагында өткөрүп, каралган.

Мектепте билим берүүдө окуучулардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп үйрөнүү менен окутуп тарбиялоону оптималдаштырууда предметтик мугалимдер, кружок жетекчилери окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар бир педагог окуучуга мамиле түзө билди. Зээндүү окуучулар менен иштөөдө окуучунун кайсы предметке, же кандайдыр бир окуучунун шыгына жараша пландар түзүлүп, иштөө жүргүзүлдү. Мектепте предметтерден сырткары тогуз коргоол, шахмат, шашки ойногонго шыктуу окуучулар менен иштер канааттандырарлык баада жүргүзүлдү. “Чебер колдор”кружогунун жетекчиси Көчөрбаеванын жетекчилиги менен жүргүзүлгөн кол өнөрчүлүк, сүрөт тартуу боюнча жыл боюнча айырмаланып турушту. Кружоктогу окуучулардын күчү менен майрамдык концерттик программалар коюлуп, мугалимдер күнүнө өзгөчө дубал газеталар чыгарылды. Тогуз коргоол, шашки, шахмат боюнча (жетекчиси Джусупбеков Б.А.) да окуучулар бир топ ийгиликке жетишишти. Бул иш менен катар эле сабакка жетишүүсу начар окуучулар, же чейректерде бирден сабактан жетишпей калган окуучулар менен иш жүргүзүлдү.

Окуучулардын тизмеси такталып, бул окуучулар үчүн ар мугалим план түзүп, бекитилип, тапшырмалар онлайн түрүндө берилип турду.

2021-2022-окуу жылында кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарынан 7 мугалим РПККЖ курсунан, 4 мугалим “Окуу керемет” боюнча курстан өтүштү.

Көйгөй: Билим берүүдөгү көйгөйлөрдү чече билүү үчүн өз алдынча изденүү, жаңы идеяларды табуу маанилүү.

Сунуш: Мугалимдер өздүк билимин жогорулатуунун үстүндө иштешсе. Алган билимдерин сабак өтүүдө колдонушуп, ошондой эле үйрөнүп келген жаңылыктарын кесиптештери менен бөлүшүп, усулдук бирикмеде отурумдар уюштурулуп, методикалык семинарлар өтүлүп турса.

2021-2022-окуу жылында Н.Рахманов атындагы эмгектенген мугалимдердин 80% ы жаңы санарип технологиялардын бир нече түрүн өздөштүрүүгө жетише алышты. Аралыктан окутууга чейин мугалимдердин 60%ы жаңы санарип технологияларын өздөштүрүүнүн үстүндө эмгектеништи. Айта кетсек, “Кахут” платформасы, “Зипгрейд” программасы, “Мой тест” платформасы, Онлайн тесттердин түрлөрүн түзүү, мобилдик телефондордун мүмкүнчүлүктөрүн сабак учурунда колдонууну үйрөнүштү.

Сунуш: Бүгүнкү күндө санарип дүйнө биздин жашообуздун ар бир бөлүгүнө кирип жатат. Билим берүү жаатына да келип жетти. Бардык маалыматтарды миллиондогон сайттардан таксак болот (тесттер, аудио, видео материалдар, электрондук китептер ж.б.) Башкача айтканда, оффлайн  окудан онлайн окууга өтүп жатканыбыз белгилүү. Ошондуктан ар бир мугалим өздөрүнүн аракети, каалоосу аркылуу техникалык каражаттар менен иштөөнү толук кандуу өздөштүрүүгө жетишсе.

Көйгөй: Бардык эле мугалимдердин санарип технологияларын билбегендиги, маалыматтарды (аудио, видео матеиалдар, электрондук китептер) колдоно албагандыгы.

“Билим берүүдө жеткиликтүүлүк, актуалдуулук жана сапат-бүгүнкү жана келечектин компетенциясы” деген темада    мектепте жогорку деңгээлдеги конференция уюштурулду. Бул иш-чараны мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Намазбекова А.Б. мектептеги окуу иштеринин негизги багыттарына жана сапаттуу билимди калыптандыруу боюнча кеңири токтолду.  Усулдук бирикменин жетекчилери Ашыбаева Ч.Б., Карыпбаева Г.Б. ийгиликти жаратууда көзөмөлдүн ролу, методикалык иштин ролу жөнүндө доклад окушту. Башталгыч классынын мугалимдери Сагыналиева Н.А.  “Башталгыч класста окуучулардын үй тапшырмасын баалоонун ыкмалары”, Дюшенбаева С.Э. “Окуу керемет” долбоорунун негизинде оюн технологиясын колдонуу аркылуу окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу”,  кыргыз тили мугалими “Көркөм чыгармаларды интерактивдүү ыкмалардын негизинде окутуу” деген темалардын негизинде доклад окулду.  Дюшенбаева С.Э., Өмүралиева А.Б., Эдилова Б.Э., Шакулов К.Дж., Өскөнова З.Ө., Джаманкулова С.А. өздөрүнүн иш-тажрыйбасы менен бөлүшүштү.

Жаш адистерге кесиптик такшалуу жаатында көмөк көрсөтүү, мектеп маданиятына көнүктүрүү, жаш адистин педагогикалык дилгирлигин ойготуу, кесиптик өсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттерди сапаттуу жана өз алдынча аткаруу жөндөмүн көнүктүрүү максатында насаатчылар дайындалып келет. Насаатчы менен жаш адистин биргелешкен

планы түзүлүп, бекиттирилет. Жаш адис насаатчы тарабынан журнал тотурууну, календарлык планды түзүүнү, предмет боюнча окуучуларга баа коюу эрежелерин, жат жазууларды туура алуу, туура баалоо нормативдерин, сабактын иштелмелерин туура жазууга, жумушчу дептерлерди туура текшерип, туура бааланышын жана чейректин жыйынтыгы менен отчет түзүүнү үйрөтүүнүн үстүндө иш алып барышты.

Көйгөй: Тилекке каршы айрым жаш адистердин убактысы жетиштүү болсо дагы ар кандай шылтоолорду айтуу менен өткөрүлгөн иш-чараларга толугу менен катышкан жок.

Насаатчылар тарабынан да жаш адистердин сабагына катышпагандары до болбой койгон жок. Айрым жаш адистерге сабакка катышуу дептерлери уюштурулган эмес. Жыл бою насаатчы менен бирдикте кандай иштер жүргүзүлгөндүгүн айтып бере албайт. Бул болсо насаатчы мугалим менен жаш адистин ишмердигинин солгун болуп жаткандыгынан кабар берет.

Насаатчыга сунуш: Алган билимдерин турмушта колдоно билүүсүнө карата аткарылган иштерге көзөмөл болуу менен, жаш мугалимдин сабагына катышуу. Ал эми жаш адистер тажрыйба топтоо максатында тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына көбүрөөк катышуу.

Мектепте ар кандай долбоорлор менен иш алып баруу жандануудa. “Биз 21-кылымдын интеллектуалдарыбыз” маалыматтык жана изилдөөчүлүк долбоордук ишинин жыйынтыгы чыгарылды. Долбоордук ишке 2-класстан 11-класска чейинки окуучулар катыша алмак. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карай долбоордук иштер 2 түрдө даярдалган: 7-11-классынын окуучулары изилдөөчүлүк жана ойлоп табуучулук, 2-6-класстын окуучулары чыгармачылык жана маалыматтык. Жалпысынан 11 долбоордук иш каралды. Бул долбоордук иштердин ичинен 3-классынын окуучулары тарабынан жүргүзүлгөн “Пияз” долбоордук иши жана 10-классынын окуучулары тарабынан жүргүзүлгөн “Суу” долбоору жактырылды.

Долбоордук иштин талаптарына жооп берген, сапаттуу даярдалган долбоордук иштер (3-кл. класс жетекчиси Дюшенбаева С.Э., 10-кл. класс жетекчиси Ашыбаева Ч.Б.) Бул долбоордук иштер эң жакшы деп табылды. 3,4-классынын окуучулары тарабынан иштелип чыккан долбоор Мерси Ко уюму тарабынан өткөрүлгөн “Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусуну” деген аталыштаагы райондук фестивалга катышып, байгеге ээ болуп келишкен. Бул изилдөө долбоор маданий жашылчалар тууралуу билимибизди топтоого жана жайылтууга ошондой эле өсүмдүктөрдү өстүрүүнү жол- жобосун билүү менен адамдын жашоосуна жашылчалардын канчалык пайдасы бар экенин билүүгө, багытталган. Ушул долбоор мектептеги мелдешке катышып биринчи орунду камсыз кылышты. Долбоорлорду жактоо менен окуучулар суунун пайдасы, анын химиялык составы, аны сактоо тууралуу эң пайдалуу нерсе ала алышты.

Көйгөй: Кароого мыкты даярдык менен чыккан мугалимдерибиз да, тилекке каршы начар даярдыктагы мугалимдерибиз болбой койгон жок.

Сунуштар: Конкурска чыгууда, кароо-сынактын талаптарына жооп бергидей даярдыкта чыгышса. Өз алдынча изденүү болсо, “эптеп, галочка” үчүн деген ойдон алыс болушса

Ар бир декада учурунда мектептеги усулдук бирикмелер иш-тажрыйбалары менен бөлүшүп турду.

**Башталгыч класстардын  Усулдук бирикмеси төмөнкү теманын негизинде иш жүргүздү:**

2021-2022-окуу жылынын өзгөчөлүктөрү кенже окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана окуу процессиндеги окуучунун жетишкендиктерин жаңыча көз караш менен баалоо, айрыкча калыптандыруучу баалоого жана кайтарым байланышка өзгөчө басым жасоо;

Кенже окуучунун предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн жагымдуу чөйрө түзүү, мультимедиалык материалдарды колдоно билүүгө үйрөтүү.

“Окуу керемет”долбооруна активдүү катышып, математика боюнча 5 модулдун стратегияларын сабактарды өтүүдө колдонуу.

Башталгыч класста окутуунун негизги багыттарынын бири – инсанга багытталган окутуу болгондуктан мугалим ар бир окуучунун психологиялык, интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн изилдеп-үйрөнүп, алардын жөндөмүнө, жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша мамиле кылуу керек. Ал  окутуунун натыйжалуулугун, кызыктуулугун шарттап, башталгыч класстын окуучуларынын инсан катары калыптандыруусуна жагымдуу жагдай түзөт;

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык “2022-жыл “Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы” деп аталганына байланыштуу ар бир мугалим: санариптик техникалык каражаттарды колдоно билүү,  электрондук материалдарды түзө билүү, аларды пайдалана алуу менен бирге кенже окуучуларга тоолор,табият, экология жөнүндө  маалыматтык сабаттуулуктун болушу; окуучулар жана ата-энелер менен педагогикалык,  иштерди жакшыртуусу жана өлкөбүздүн табиятын,экологиясын коргоо жөнүндө жаңы маалыматтарды, программаларды,  иш-тажрыйбада колдоно билүү,  билим берүүнүн сапатын жакшыртууга, туруктуу өнүгүүсүнө негиз жаратуу;

Окутуунун  активдүү жана интерактивдүү технологияларын жана сабактарды уюштуруунун жаңы формаларын колдонуу;

Билим сапатын жогорулатуу боюнча иштерди улантуу.
Чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин ишин жайылтуу.
Окуучулардын орфографиялык жактан сабаттуулугуна, бирдиктүү орфографиялык режимге жетишүү;

Усулдук көрсөтмөлөрдү, газета, журналдарга чыккан макалаларды анализдөөнү улантуу;

Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү иштерин улантуу жана көзөмөлгө алуу;

Класс кабинеттерди жабдуу. Кабинетти таблицалар, дидактикалык материалдар, карточкалар менен толуктоо;

Предметтик олимпиадага катышуу багытында зээндүү окуучулар менен иш жүргүзүүнү улантуу;
Жогорку максаттарды жана милдеттерди ишке ашырууда төмөнкүдөй иштер аткарылды.

Төмөнкү усулдук иштер аткарылды:

- Сабактарда инсанга багытталган билим берүүнү технология менен айкалыштырууну иштеп чыгуу
- Ачык сабактарды иштеп чыгуу жана өткөрүү
- Жаңы билим берүү технологияларын үйрөнүү
- Жаңы билим берүү технологияларын ишке ашыруу
- Класстан тышкаркы иштерди өткөрүү жаңы билим берүү методдорун жана формаларын киргизүү
- Окуучунун деңгээлине жараша билимдин сапатын баалоо боюнча материалдарды иштеп чыгуу
- Окуучулардын ашыкча жүктөрүн азайтуунун жолдорун издөө
- Окутууда саламаттыкты сактоочу технологияларды үйрөнүү
- Методикалык бирикменин мугалимдери тарабынан методикалык копилканы түзүү
- Мугалимдердин методикалык иштелмелеринин көргөзмөсүн уюштуруу
- УБ мугалимдеринин чыгармачыл отчётторун өткөрүү жана уюштуруу

Сабак берүүдө мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгын методикалык жактан өнүктүрүүдө ар бир предметтик мугалим ар тараптан изденүүдө.. Алып айтсак мектеп онлайн сабак берүү учурунда ар бир мугалимдин иштеп, изденип жаткандыгы көрүндү. Башталгыч класстарынын мугалимдери “Окуу керемет” программасы боюнча билимин жогорулатуудан өтүшүүдө. Бул мугалимдер (Дюшенбаева С.Э.,Сагыналиева Н.А.,Көчөрбаева Г.А., Эдилова Б.Э., Өмүралиева А.Б.) билимин жогорулатуу курсунда башталгы класстарга тиешелүү көптөгөн жаңы ыкмаларды, билим берүүнүн усулдарынын жана жолдорунун жаңы жолдорун үйрөнүшүүдө Бул тууралуу мектептин педагогикалык кеңешмесинде Дюшенбаева С.Э. билидирүү жасады. Ошондой эле китепканачы Көчөрбаева Г.А. да мугалимдердин билими, баалоосу тууралуу да үйрөнгөнүн ортого салды.Мугалимдер жамаатында сабактарды жаңы инновациялык метод менен улуттук колориттин негизинде өтүп, өзүнүн предметине кызыктыра алган мугалимдерибиз да жок эмес. Алып айтсак, 2-классынын мугалими (муг.Өмүралиева А.Б.) окуучуларга мамиле түзүү менен бирге балдардын сабакка болгон кызыгуусун арттырды. Башталгыч класстардын усулдук бирикмесиндеги ачык сабактардын бардыгында окуучуларды предметке кызыктыруу, сабактын эффективдүүлүгүн арттыруу максатында мультимедиялык технологиянын элементтери, оюн технологиясын, коллективдүү окутуунун ыкмасын, аңгемелешүү, проблемалык-изилдөөчү технологияларын, мааалымат алып чечим кабыл ала турган сынчыл ой-жүгүртүүнү өстүрүү программасынын стратегиялык ыкмалары колдонулду (мээге чабуулу, Венндин диаграммасы, синквейн, класстер, жуп менен, топ менен иштөө, окуп түшүнүү, БББ таблиасы ж.б.окуучуардын ишмердүүлүгүн активдештире алышты. Бардык ачык сабактарда материалды берүүдө,

окуучулардын алган билимин текшерүүдө, техникалык каражаттар колдонулду. “Окуу керемет” долбоорундагы окуу жөндөмүн өркүндөтүүгө багытталган. Математика сабагындагы көндүмдөр сабакта гана эмес күнүмдүк сабактарда да системалуу колдонулаары окуучулардын сабакка активдүү катышып, берген жоопторунан байкоого болот. Бул долбоордогу айрым көнүгүүлөрдү эң кызыгуу менен кабыл алышууда. Бул долбоордо окуучулардын коммуникативдик ишмердүүлүгү дискуссиялык мүнөздө болуп, алардын ой жүгүртүүгө, сөз байлыгын арттырууга стимул боло алды.

“Окуу үчүн убакыт” иш-чарасы да ийгиликтүү өтүп жатат. Ар бир класстын ата-энелери графиктин негизинде бир жумада бир жолу келип, өзүлөрү сатып келген китептерди окуп берип жатышат. Көбүнчө аталардын келишин суранып жатабыз. “ Бир үй-бүлө, бир китеп” акциясынын негизинде китептерин мектепке белекке берип жатышат.

Көйгөй: Усулдук бирикменин кээ бир мүчөлөрүндө чыгармачылык менен изденүү жокко эсе. Ата-энелерден тышкары башка коомчулуктун мүчөлөрү бул иш-чарага келтире албай койгондугубуз болду.

Сунуштар: 1)Усулдук биримкеде тажрыйба алмашуу максатында өз ара сабактарга катышуу;
2) Заманбап инновациялык билим берүүчү технологияларды, интерактивдүү программаларды үйрөнүп, окуучуларды предметтерге кызыктыруу максатында сабакта колдонуу;

Гуманитардык багыттагы усулдук бирикмесинде 6 мугалим эмгектенет. Бардыгы тажрыйбалуу мугалимдер. Усулдук бирикменин жылдык планы түзүлүп бекиттирилген.

Планда белгиленген маселелер: календарлык планды түзүү,бекиттирүү;

- УБ отурумдарын өткөрүү;

- Окуучуларды олимпиадага даярдоо;

- Предметтик декаданы өткөрүү;

- Тажрыйба алмашуу ;

- Предмет аралык байланышты бекемдөө максатында башка предметтик декадаларга катышуу;

- Мектепте, мектептен сырткары иш-чараларга каатышуу;

- Мугалимдердин иш-тажрыйбасын жайылтуу максатында усулдук бирикме ичинде сминар-тренингдерди өткөрүү.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамынын 32 жылдыгына карата райондук деңгээлде өткөрүлгөн иш-чараларга да катышышты. Бул иш-чарага карата усулдук бирикмеде аалгылыктуу иш-чаралар өткөрүлдү. 23-сентябрда “Кыргыз тили- кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын очогу” салтанаттуу кече өткөрүлдү. Бул кечеде 5-7-класстар арасында кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларынан сюжеттүү сүрөттөр сынагы, 10-11-класстар арасында изилдөө долбоор

иштери, “Ата мурасы-келечек муун азыгы” мыкты дил баян кароо-сынагы, “Улут болсом, тилим менен улутмун” көркөм окуу сынагы уюштурулду.

Окуу жылынын башынан бери 5 отурум өткөрүлүп, протоколдор жазылган. Отурумда каралган маселелер окуу жылынын отчету; жаңы окуу жылына карата календардык-тематикалык планды талкуулоо.

Жылдын башындагы кыргыз тили декадада 5-11-класстарынын катышуусунда чакан линейка өткөрүү менен ачылды. Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу видеоролик көрсөтүлүп, окуучулардын акын-жазуучулардын чыгармаларынан көркөм айтуусу менен коштолду. Мугалимдер, окуучулар тарабынан даярдалып тактага илинген материалдардын мазмуну, эстетикаалык жактан жасалгалоосу жупуну, окуучуларды өзүнө тарткан, предметке кызыктыруучу маалыматтар өтө жакшы эмес. Декаданын планында белгиленген мөөнөттө бардык аычк сабактар, иш-чаралар өтүлдү. Бул сабактардын ичинен өзгөчө кыргыз тили мугалими Джаманкулова С.А. 11-класска өткөрүлгөн “Жамийла” жакшы деңгээлде өттү. Сабакта мультимедиялык колдонулган слайддар эстетикалык жактан, мазмуну жактан талапка жооп берет. Окуучуларды сабакка кызыктыруу жана теманы толук кандуу түшүндүрүү максатында мугалим тарабынан кошумча маалыматтар интернет булактарынан кеңири алынган. Чынжырча түрүнө окутуу, аңгемелешүү, проблемалык суроолор, изилдеп үйрөнүү, топ менен иштөө, интерактивдүү ыкмаларын колдонду.

Кыргыз тили мугалими мугалими Эшимбекова А.К. кыргыз тили сабагынан “Жалаң жана жайылма сүйлөм” деген темада ачык сабак өттү. Угуп түшүнүү, сүйлөмдөрдү мааниси боюнча бириктирүү, жашырылган сөздү табуу, боштуктарды толтуруу ыкмалары аркылуу окуучуларды сабакка активдештире алышты. Сабакта техникалык каражаттарды колдонуу менен кеп маданиятын өнүктүрүүгө, окуучуларды сабакка активдештирүүгө басым коюлду.

12-декабрда Улуттук адабият күнүнө, Ч. Айтматовдун жана А.Осмоновдун чыгармачылыгына арналган “Кара сөздүн падышасы-Айтматов, ыр дүйнөсү лирикалуу-Осмонов” аттуу иш-чара өткөрүлдү. Иш-чара 5-11-класстын окуучуларынын катышуусу менен уюштурулуп, жазуучу менен акындын чыгармаларынан аткарышып, кыргыз адабиятында алардын орду толгус эмгектерин эскерип өтүштү. Кеченин соңунда мамлекеттик тилдин жылдыгына карата мектептик деңгээлдеги жана райондук деңгээлдеги өткөрүлгөн иш-чарага активдүү катышкан, ошондой эле декада учурунда өткөрүлгөн кароо-сынактын жеңүүчүлөрүнө сыйлоо баракчалары берилди.

Орус тили декадасында орус тили предметине болгон кызыгуусун арттыруу, алардын чыгармачылыгын, өз алдынчалыгын, акыл ишмердүүлүгүн, жаш өзгөчөлүктөрүнө карабастан окуучулар арасында коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган максаттагы иш-чара болду. Мугалимдер тарабынан даярдалып илинген материалдардын мазмуну, эстетикалык жактан жасалгалоосу орто, окуучуларды өзүнө тарткан, кызыктыруучу материалдар бар, жеткиликтүү эмес. 8-11-класстар арасында “Мыкты дил баян” , 3-11-класстар арасында “Жат жазуулар”, көркөм окуу сынактары өткөрүлүп, жыйынтыктары чыгарылган.

Орус тили мугалими Өскөнова З.Ө. “Орус тилин окуу” аттуу интелектуалдык таймаш өткөрдү. Бул таймаш окуучулардын тапкычтыгына, жигердүү ой жүгүртүүсүнө сөз

байлыгына көңүл бурулган. Топторго берилген тапшырмалар кроссворддорду табуу, ребустар, адашкан сөздөр, көңүлдүү суроолор, жашырылган сөздөр. Жыйынтыгында окуучулар жакшы даярдык менен келишкендиги байкалды. Эки топ бирдей балл топтой алды.

Орус тили жана англис тили декаданын жабылышы 1-11-класстарынын окуучуларынын катышуусунда жакшы даярдалган. Айрыкча орус адабиятынын классик акындарынын чыгармаларын көркөм окууда окуучулардын актердук чеберчилигин, чыгармачылык жөндөмдөрү көрүүчүлөр үчүн куду акындар өздөрү аралашкандай элес калтырды десек жаңылышпайбыз.

Биз айтып жаткан билим, билгичтик көндүмдөрүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга, биздин балдарыбыздын жашоо шартына пайдалануусу, тааныш жана тааныш эмес кырдаалда алып кетүүсү биз үчүн өтө маанилүү экендигин, биз баланы турмушка, кесипке, эмгекке калыптандырсак өзүбүздүн максатыбызга жеттик деп эсептесек болот.

Англис тили мугалими Карыпбаева Г.Б. тарабынан өтүлгөн сабагында окуучуларды предметке кызыктыруу, сабактын эффективдүүлүгүн арттыруу максатында мультимедиялык технологиянын элементтерин, оюн технологиясын, ден соолук технологиясын, коллективдүү окутуунун ыкмасын, аңгемелешүү, мээге чабуулу, Венндин диаграммасы, окуп түшүнүү, аудио уктуруу колдонулуп, окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештире алышты. Окуучуларды топ менен, жуп менен, жекече иштешти. Бардык ачык сабактарда материалды берүүдөокуучулардын алган билимин текшерүүдө, техникалык каражаттар колдонулду.

Тарых мугалими Шүкүрбаева А.Н. патриоттук “Оозеки маданият” темадагы патриоттук сабагын өттү. Сабакта мультимедиялык технологиялардын элементтерин натыйжалуу колдоно алды. Окуучуларга тема боюнча элестүүлүктү пайда кылуу максатында видеотасма көрсөтүлдү. Теманы талдоодо “Пирамида” жана “Сандар сүйлөйт” ыкмасын колдонду. Мугалим тарабынан окуучуларды сабакка активдештирүүгө багытталган тапшырмалар берилсе да, сабакка пассивдүү катышты. Билем, билгим келет, билдим, проблемалык суроолор, топ менен иштөө, жекече иштөө ыкмаларын иш тажрыйбасында колдонду.

Предметтик мугалимдердин отчеттук негизинде кыргыз тили, кыргыз адабият, орус тили, орус адабият, англис тили жана тарых предметтери боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды. Гуманитардык усулдук бирикменин мүчөлөрү азыркы заманбап интернет булагынан пайдаланып, методикалык окуу куралдарын окуп, өз билимдерин өркүндөтүшүүдө. Ар бир предметтик мугалим өз алдынча алган тажрыйбасын башка мугалимдер менен бөлүшүп иштеп жатышты.

Ар бир өткөрүлгөн иш-чара коюлган максатына жетти.

Көйгөй: Декаданы өткөрүү жакшы чыгармачылык менен уюштурулган, бирок ачык сабактарды өтүү менен гана чектелген. Класстан тышкаркы иштерди өткөрүүдө эч кандай жаңылануу, изденүү менен уюштуруу болгон жок.

Сунуш: Өз ара сабактарга көбүрөөк катышууну уюштуруу; Декаданын уюштурулушунда жылдагы болуп өткөн декадаларда өткөрүлгөн иш-чаралардын кайталануусуна жол

берилбей, усулдук бирикме жетекчиси тарабынан, бирикме мүчөлөрү тарабынан чыгармачылык менен изденүүнүн негизинде уюштурулуп, жаңылык киргизилип туруусу.

Математикалык, табигый-илимдер билим берүүдө сабактын технологияларын туура тандоонун сунуштары ар бир усулдук бирикмеде каралып, талкууланган. Мында жөн гана усулдук ыкмалардын жаңы түрүн тандап албастан, окутуунун усулдарын жана жолдорун мурдагы салттарга таянуу менен улам жаңылоо идеялары киргизилген. Мектептеги көптөгөн мугалимдер сабактарды окутууда окутуунун жөн гана ыкмаларын колдонбостон, аны мурунку ыкма менен, кыргыздын каада-салты менен, саламдашуусу, нарк-насили сыяктуу көптөгөн жакшы нерселерин колдонуу менен өтүүдө. Математика сабагында да (муг.Намазбекова А.Б.) сабакта улуттук “Кыз куумай”, “Балбан күрөш”, “Аркан тартмай”, “Жоолук таштамай” ж.б.у.с.сыяктуу оюндарды колдонуу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырууда. Кыргыз тили мугалими Жаманкулова С.А. ар бир сабакта макал-ылакап айтуу менен баштоосу да ар бир окуучуну күндөлүк сабакка дайыма даярдануусуна түртөт.

Ар бир предметтик мугалимдер тарабынан кошумча сабактар өтүлүп жатты.

Математикалык, табигый-илимдер, дене тарбия жана көркөм өнөр усулдук бирикмесинин методикалык темасы, темасына ылайык максаты,милдеттери коюлган. Усулдук бирикменин жылдык планы түзүлүп, бекиттирилген. Усулдук бирикмеде отурумдар өткөрүлүп, протоколдор жазылып турат. Методикалык багыттагы отурумдар өткөрүлүп, бирикмеде методикалык семинарлар болуп турат.

Химия, биология предметинин декада учурунда бир катар алгылыктуу иш-чаралар өткөрүлдү. Кароо-сынактар, интеллект таймаштары өткөрүлдү. “Кахут” программасы менен иштөөнү мугалим абдан жакшы өздөштүргөн.

Математика, информатика, физика (МИФ) предметтирин берүүдө 3 тажрыйбалуу мугалим эмгектенет. МИФтин декаданы өткөрүүсү чыгармачылык менен пландаштырылган. Ар бир мугалим заманбап технологияларын колдонуу аркылуу мыкты сабактарды өтүү менен чектелбей, ар кандай багыттагы класттан тышкаркы иштер: Интелектуалдык акыл таймаш,мастер-класстар, кароо-сынактар, стенгазеталар жарышы сыяктуу окуучуларды предметтерге кызыктыруучу иш-чараларды пландаштырышкан.

Ачык сабактарда заманбап технологиялар “Кахут”, “Мой тест” платформаларын, Смарт программасын колдоно алышты.

Көйгөй: Усулдук бирикменин кээ бир мүчөлөрүндө чыгармачылык менен изденүү жокко эсе.

Сунуш:Усулдук бирикмедеги ар бир мугалим өз алдынча билимин жогорулатуу, үйрөнгөн жаңы ыкмаларды усулдук бирикмеде талкуулап, ар бир мугалим эксперимент жүргүзүп, жыйынтыгын көрүп, тажрыйба алмашуу максатында жалпы жамаатка жайылтуу жана ушул максаттагы отурумдарды усулдук бирикмеде өткөрүлүп туруусу.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Намазбекова А.Б